М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетине жана Кыргызстандын эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, доцент Кадыралиев Алмаз Токтобекович тарабынан, изденүүчү Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" деген темадагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Асанова Кымбат Туратбековнанын "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" аталышындагы диссертациялык иши боюнча төмөндөгүдөй корутунду чыгарылды:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык изилдөөдө мейманканаларды башкаруунун илимий теориялык негиздери иликтенип, башкаруу методдору менен стильдери деталдуу каралган. Бишкек шаарына келген туристтери менен туристтик ишканалар, тактап айтканда мейманкана, турагенттиктер жана конок үйлөрдүн учурдагы абалы иликтенип, 2030 – жылга чейин өсүү божомолу жасалган. Туристтердин саны жогорулаган сайын Бишкек шаарында мейманканалардын дагы саны өсүп, атаандаштык күч алат. Ушундан улам келген туристтерди кеңири тейлөө максатында Бишкек шаарынын айланасындагы туристтик ресурстар иликтенип, жаңы туристтик өнүмдөрдүн тизмеси даярдалып, ошондой эле этно – анимациялык программа иштелип чыкты. Сунушталган "Байтик" мейманкана комплексинин бизнес долбоорун

жергиликтүү инвесторлорду тартып чечүүгө болот. Бул үчүн иштелип чыккан холократия башкаруу системасы жана "Теңсалмактуулук чамгарагы" өз кезегинде мейманкана бизнесинин ишмердүүлүгүн жакшыртууга олуттуу салым кошот.

08.00.05 – тармактык экономика адистигинин паспортуна ылайык келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** – Бишкектин мейманкана рыногун өнүктүрүү, мейманкана ишкердиктин натыйжалуулугун жогорулатуу, башкаруу процесстерин теориялык-методикалык жактан изилдеп жөнгө салуу жана практикалык сунуштарды даярдоо. Илимий иште жогоруда белгиленген максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. Туризм индустриясынын мейманкана секторундагы өнүгүүнүн илимий-теориялык негиздерин изилдөө жүргүзүү;
2. Мейманкана секторунун учурдагы өнүгүү тенденциясын ар тараптуу изилдөө;
3. Мейманканаларда туристтердин калуу мөөнөтүн узартууга көмөк көрсөтүүнүн багыттарын аныктоо;
4. Мейманканаларды башкарууну жакшыртуунун моделин түзүү;
5. Бишкетеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарын иштеп чыгуу;
6. Мейманканалардын ишин уюштуруу жана башкаруунун моделин иштеп чыгуу;
7. Мейманкана секторунун алкагында иштиктүү бизнес - долбоорун сунуштоо.

**3. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.**

Белгилүү болгондой туризм индустриясы дүйнөлүк экономиканын 10,4% түзүп, эмгеке жарамдуу калктын орточо эсеп менен 10% иш орундары менен камсыздап, анын 65% мейманкана секторуна тийиштүү. Жылдан жылга түрдүү өлкөлөрдөн келген туристтердин саны барган сайын өсүп, алардын 52,9% алгач Бишкекте токтойт. Андыктан келген туристтердин калуу мөөнөтүн узартуу, мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун жогорулатуу,

башкаруу процессин жакшыртуу жана заманбапка жооп бергидей тейлөөнү чечүүгө байланыштуу иштеги коюлган максаттары жана милдеттери талапка жооп берип, сектордун көйгөйлөрүн чечүүгө негиз түзөт.

4. **Илимий натыйжалар.** Диссертациялык иште

– туризм комплексинин алкагындагы мейманкана секторун өнүктүрүүнүн түпкү мааниси жана анын экономикадагы ээлеген орду теориялык жактан талданган;

– Бишкек шаарынын мейманкана секторунун потенциалдык мүмкүнчүлүгү, учурдагы өнүгүү тенденциялары, сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча изилөө жүргүзүлгөн;

– мейманканаларда келген туристердин калуу мөөнөтүн узартуу боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жыйынтыгы көрсөтүлгөн;

– жергиликтүү калкты туризм жаатында ишке жайгаштырууну камсыздоо, ошондой эле уюштуруу системасын жеңилдетүү максатында “холократия” уюштуруу системасы мейманкана бизнеси үчүн иштелип чыккан;

– Бишкектеги мейманкана бизнесин өнүктүрүүнүн келечектеги багыттары негизги көрсөткүчтөрү 2030-жылга чейинки аралык боюнча иштеп чыккан;

– мейманканалардын ишин уюштурууну жана башкарууну баалоонун моделинин үлгүсү даярдалган;

– келечекте чет өлкөлүк туристерди тартуу максатында капсул жана микро отелдери, бозүй конушу категориясындагы мейманкана кызматтарын камтыган конок үй комплексинин инвестициялык бизнес долбоору даярдалган.

5. **Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында алынган практикалык натыйжалар, далилдүү сунуштар жана корутундулар бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдары туризм саясатын жана региондук программаларын иштеп чыгууда, Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүү жана атаандаштык дараметин кубаттоого багытталган программалар менен концепцияларды калыптандырууда, ишке ашырууга,

пландалган бизнес долбоорлордо, жергиликтүү жана чет элдик инвестицияларды тартууда пайдаланууга болот.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жогорку окуу жайларында туризмдин өзгөчөлүктөрүнө жана мейманканаларды башкарууга байланыштуу дисциплиналар боюнча магистрлерге, аспиранттарга, докторанттарга дарстарды окууда, ошондой эле илимий изилдөө иштерине колдонулушу мүмкүн.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет.

**7. Эскертүүлөр:**

1. Иште 20 жатак орундуу мейманкана комплексинин бизнес долбоорунун эсептөөлөрү берилген. Мейманкана комплексинин жатак орун санын 100гө чыгарса эларалык чынжыр мейманканаларды тартууга негиз түзүлмөк.

2. Байтик мейманкана комплексинде берилчү эртемдин баасы бир кишиге 200 сом деп белгиленгени менен деталдуу менюсунун эсеби берилген эмес. 1 же 2 жумалык менюсу жана эсеби берилсе иштин сапаты жакшырмак.

3. Бишкектеги мейманкаларлардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында иштелип чыккан “Теңсалмактуулук чамгарагы” методунун суроолорунун жооптору берилген эмес. Тиркемеге мейманкана жетекчилери тарабынан берилген жооптор дагы жазылса иштин сапаты жогорулаары шексиз.

**8. Сунуштар:** Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин учурдагы абалы жана өсүү божомолу алгач ирет изилдендигин байкоого болот. Ушундан улам бул иштин жыйынтыктары боюнча илимий макалалар дагы чыгарылып, тийиштүү жерлерге илимий записка даярдалып сунулса туризм тармагын мындан ары карай дагы өнүктүрүүгө салымын кошот.

**9. Сунуштамалар:** Диссертант Теңсалмактуулук чамгарагын түзүү үчүн жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары менен Кыргыз туристтик ишканалар ассоциациясынан (КАТО) жана Кыргыз Республикасынын

экономика жана коммерция министрлигине караштуу Туризм департаментине илимий доклад даярдап жөнөтүү туура жыйынтык берет.

**10. Корутунду:** Каралып жаткан диссертациялык иш логикалык жактан иштелип чыккан илимий изилдөө болуп саналат. Иште Бишкектин мейманкана секторун өнүктүрүүгө байланыштуу илимий-теориялык нуктан негизделип, практикалык сунуштар даярдалган.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Асанова Кымбат Туратбековнанын тапшырган документтерин карап чыгып,** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетине жана Кыргызстандын эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешине Асанова Кымбат Туратбековнанын **08.00.05 – тармактык экономика** адистиги боюнча, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасындагы диссертациялык ишин кабыл алып, коргоого сунуштайт.

**Эксперт: экономика илимдеринин доктору, доцент** **Кадыралиев А. Т.**

**ДК окумуштуу катчысы** **Байтерекова Г.С.**

10.12.24г.

М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университети жана Кыргызстандын эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, профессор Чубурова Жаңыл Темировна тарабынан, изденүүчү Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темадагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Асанова Кымбат Туратбековнанын "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темасындагы диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуунун теориялык жана методологиялык аспектилери каралып, Бишкек шаарынын мейманкана бизнеси жана анын көйгөйлөрү талдалып, 2030 – жылга чейин өсүү божомолу даярдалган. Калыптанган атаандаштык чөйрөдө убакыт өткөн сайын мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жаңы, прогрессивдүү ыкмаларды колдонуу зарылчылыгы аныкталган. Туристердин калуу мөөнөтүн узартуу үчүн Бишкек шаарынын туристтик ресурстары кеңири иликтенген.

Иште мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу боюнча теориялык жана практикалык сунуштар берилген жана ал 08.00.05 – тармактык экономика адистигинин паспортуна ылайыктуу келет.

2. **Изилдөөнүн максаты** – Бишкектин мейманкана рыногун өнүктүрүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу, башкаруу процесстерин жөнгө салуу жана келечектүү багыттарын экономикалык нукта негиздүү иштеп чыгуу менен теориялык-методикалык жактан, ошондой эле практикалык сунуштарды даярдоо.

Максатка жетүү үчүн илимий иште төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. Туризм индустриясынын мейманкана секторундагы өнүгүүнүн илимий-теориялык негиздерин изилдөө;
2. Мейманкана секторунун өнүгүү тенденциясын аныктоо;
3. Мейманканаларда туристтердин калуу мөөнөтүн узартууга көмөк көрсөтүүнү иштеп чыгуу;
4. Мейманканаларды башкарууну жакшыртуунун моделин түзүү;
5. Мейманканалардын ишин уюштуруу жана башкаруунун универсалдуу моделин иштеп чыгуу;
6. Мейманкана секторунун алкагында иштиктүү бизнес-долбоорун сунуштоо.

3. **Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.**

Туризм индустриясы учурда экономиканын эң тез өнүгүп жаткан секторлорунун катарында орун алып, дүйнөлүк экономиканын 10,4% түзсө, жер шарынын ар он кишинин бири туризм индустрияда эмгектенет. Мейманкана бизнеси болсо туризмден түшкөн кирешенин 68%ын жана туризм тармагындагы бардык жумуш орундарынын 65%ын камтыйт дагы, ар туристтин жумшаган каражатынын жана убактысынын 30%дан ашууну мейманканадагы эс алуусуна жумшалат. Бизнестин мындай түрү меймандостук, тамак-аш жана турак жайларды ижарага алуу чөйрөсүндө тейлөө көрсөтүү менен байланышкан коммерциялык ишканалардын тутумун камтыйт. Ишкердиктин мындай түрүнүн түпкү максаты келген коноктордун, анын ичинде туристтердин керектөөлөрүн канааттандыруу, тейлөөнүн жогорку деңгээлин камсыздоо аркылуу киреше табуу болуп саналат.

Бишкек шаары барган сайын кеңейип, натыйжада келген туристтердин жыл өткөн сайын саны арбып жатат. 2023-жылдын маалыматы боюнча

республикага алыскы чет мамлекеттерден келген туристтердин 52,9%, КМШ өлкөлөрүнүн 29,5% Бишкектин үлүшүнө туура келген. Көрүнүп тургандай туризмдин өнүгүшүнө шаарда жайгашкан мейманканалардын мааниси улам барган сайын артууда. Келечекте мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун жогорулатуу, уюштурулушун бир нукка салуу, башкаруу чөйрөсүн кыйла жакшыртуу боюнча бир катар көйгөйлөрү келип чыгууда. Мындай келип чыккан жагдай өз кезегинде диссертациянын изилдөө темасынын өтө актуалдуулугун, анын максаттары жана милдеттери негиздүү экендигин толук ырастайт.

**4. Илимий натыйжалар.**

– мейманкана секторунун илимий-теориялык негизи иликтенди;

– Бишкек шаарынын мейманкана секторун учурдагы абалы талданды;

– мейманканаларда коноктоо мөөнөтүн узартуу боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жыйынтыгында сунуштар киргизилди;

– жергиликтүү калкты туризм жаатында иш алып баруусуна шыктандыруу үчүн учурда дүйнөдөгү тез өнүгүп жаткан мейманкана бизнесинин 3 түрүн камтыган бизнес долбоордун эсептөөлөрү жүргүзүлдү;

– мейманканалардын ишин уюштуруу жана башкаруунун модели даярдалды;

– мейманканалардын алкагында иштиктүү бизнес долбоору даярдалды.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Ишти даярдоонун жүрүшүнөн келип чыккан практикалык натыйжалары, далилдүү сунуштар жана корутундулар мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдары туризм саясатын жана региондук программаларын иштеп чыгууда, Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүү жана атаандаштык дараметин кубаттоого багытталган программалар менен концепцияларды даярдоодо, ишке ашырууга, пландалган бизнес долбоорлордо, жергиликтүү жана чет элдик инвестицияларды тартууда белгилүү өлчөмдө пайдаланса болот.

Диссертациялык изилдөөдөгү негизги жоболор жогорку окуу жайларындагы туризмди таанууга жана мейманканаларды башкарууга

байланыштуу дисциплиналар боюнча магистрлерге, аспиранттарга, докторанттарга дарстарды окууда, ошондой эле илимий изилдөө иштерине колдонулушу ыктымал.

**6. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет.

**7. Эскертүүлөр:**

1. Диссертациялык иштеги (7-бет) жана авторефераттагы (4-бет) илимий жаңылыгы бири-биринен айырмаланат. Булар бирдей болушу керек.
2. Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы “мейманкана секторунун илимий – теориялык негизи иликтенди”, “Бишкек шаарынын мейманканан секторунун учурдагы абалы талдалды” деп кыскача гана берилип калган. Булар кененирээк жазылса иштин сапаты дагы жогорулайт.
3. Экинчи баптын 2.1 – бөлүмүнүн аталышы «Мейманканалардын өнүгүү тенденциясы», бирок бөлүмдө талдоо гана жакшы жасалып, тенденциялар даана ачыкка чыгарылбай калган.
4. Иште Холократия башкаруу системасын киргизүү сунушталган, бирок анын маңызы жана башка башкаруу системаларынан артыкчылыктары жетиштүү түрдө көрсөтүлгөн эмес.
5. Иште изилдөө чөйрөсүнүн көйгөйлөрү жана аларды чечүү жолдору жетиштүү деңгээлде чагылдырылган эмес. Мейманкана бизнесинин көптөгөн көйгөйлөрүн чечүү аны башкарууну жакшыртууга өбөлгө түзөөрү талашсыз.
6. Иште дүйнөлүк өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен туруктуу өнүгүү моделин киргизүү маселелерине жетиштүү түрдө көңүл бурулган эмес.
7. Иште редакциялык каталар орун алган.

**8. Сунуштар:**

1. Илимий жаңылыкты толуктагандан соң автореферат менен бирдей калыпка келтирүү сунушталат.
2. Биздин оюбузча экинчи баптын 2.1- бөлүгүн «Мейманкана бизнесинин учурдагы абалы жана өнүгүү тенденциялары» деп атоо максатка ылайыктуу келет.

3. Экинчи баптын 2.2- бөлүгүн изилдөө чөйрөсүндө орун алган көйгөйлөрдүн талдоосу менен толуктап, аларды чечүү жолдорун көрсөтүү сунушталат. Ошондой эле бул бөлүктүн аталышына “көйгөй” сөзү да кошулса максатка ылайыктуу келет.

**9. Сунуштамалар:**

1. Автор сунуш кылган холократия башкаруу түзүмүнүн башка системалардан айырмасын жана артыкчылыктарын камтыган материалдардын негизинде чакан жана орто мейманкана бизнесинин жетекчилигине семинарларды уюштуруусу максатка ылайык келет.

**10. Корутунду:** Көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык баалуулугун төмөндөтпөйт, тескерисинче, тандалган изилдөө көйгөйүнүн актуалдуулугун баса белгилейт.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Асанова Кымбат Туратбековнанын тапшырган документтерин карап чыгып,** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетинине караштуу Д 08.24.697 диссертациялык кеңешине Асанова Кымбат Туратбековнанын **08.00.05 – тармактык экономика** адистиги боюнча, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темадагы диссертациялык ишин коргоого сунуштайт.

**Эксперт: экономика илимдеринин**
**доктору, профессор** Чубурова Ж.Т.

**ДК окумуштуу катчысы** **Байтерекова Г.С.**

9.12.2024.

М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетине жана Кыргызстандын эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, профессор Жумабаев Жамалгазы Жумабаевич тарабынан, изденүүчү Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасындагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Асанова Кымбат Туратбековнанын “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасында жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди.

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште мейманкана бизнесинин туризм тармагындагынын ээлеген орду жеткиликтүү каралып, аны башкаруу методдору менен стилдери теориялык жактан изилдөөгө алынып бир нукка келтирилген. Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин учурдагы абалы иликтенип, келечекте өнүгүүсүнүн орто мөөнөттүү божомолу иштелип чыгып, соңунан мамлекет тарабынан тармакты башкаруу модели даярдалган. Мейманканалардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн заманбапка туура келүүчү жана колдонууга ыңгайлуу болгон “Тең салмактуулук чамгарагы” модели иштелип чыккан.

Келген чет элдик туристтер үчүн Бишкек шаары туристтик дестинация катары эсептелбестен, жөн кана эс алуучу, түнөк жай катары каралып,

жыйынтыгында алардын мейманканаларда токтогон мөөнөтүнүн анчалык узак эместиги олуттуу көйгөйдү жаратып келгендиги иликтөөгө алынган. Ушундан улам Бишкектин жана анын аймагындагы туристтик ресурстар комплекстүү иликтенип, туристтердин шаарда калуу мөөнөтүн узартуу үчүн сунушталган туристтик өндүрүмдөр учурда актуалдуу болуп саналат.

08.00.05 – тармактык экономика адистигинин паспортуна ылайык келет.

1. **Изилдөөнүн максаты** – Бишкектин мейманкана рыногун өнүктүрүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу, башкаруу процесстерин жөнгө салуу жана келечектүү багыттарын экономикалык нукта негиздеме иштеп чыгуу менен теориялык-методикалык жактан бир нукка салып, практикалык сунуштарды даярдоо болуп саналат. Мындай максатка жетүү үчүн илимий иште төмөндө көрсөтүлгөн иштер аткарылган.

1. татаалдаштыгы жана түрдүүлүгү жагынан өзгөчөлөнгөн, ошондой эле туризмдин олуттуу бөлүгүнө айланган мейманкана бизнесин башкаруунун негизги түшүнүктөрү боюнча комплекстүү жана системалаштырылган илимий көз караштар бир нукка салынган;
2. мейманкана ишканаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында “тең салмактуулук чамгарагы” аталыштагы усулу комплекстүү иштелип чыккан;
3. келген туристтердин мейманканада токтогон мөөнөтүн узартуу жолдору талдалып, шаар аймактагы туристтик ресурстарды иликтөөнүн негизинде жаңы туристтик өндүрүмдөр иштелип чыгып сунушталган;
4. Бишкек шаарынын мейманкана секторун келечекте өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн 2030-жылга чейинки божомолу комплекстүү иштелип чыккан;
5. мейманкана секторун өнүктүрүү боюнча бизнес модели иштелип чыгып, холократия моделинин негизинде уюштуруу системасы сунушталган;

2. **Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу**

Туризм тармагын анын ичинде мейманкана бизнесин башкарууну ишке ашыруу мамлекет тарабынан ишке ашырылышы шарт, себеби туризм учурда

эӊ динамикалуу өнүккөн тармак катары калыптанып, натыйжада айрым өлкөлөрдүн ИДПсынын 87% сына чейинки көлөмүн камтыйт. Ал эми туризмдин олуттуу бөлүгүн камтыган мейманкана бизнеси туризм экономикасынын 60-70% чейинки үлүшүн түзгөндүгү үчүн мейманканаларды башкаруу жана алардын натыйжалуулугун жогорулатуу маселелери өтө актуалдуу болуп эсептелет.

Бишкек шаары өлкөгө келген туристтердин эӊ биринчи токтоо чекити болгондугунан улам борбор калаадагы мейманканалардын сапатына, жайлуулугуна жана сунушталган кызматтарынын түрдүүлүгүнө көӊүл бурулуусу абзел. Талдоо көрсөткөндөй убакыт өткөн сайын Бишкектеги мейманканалардын саны көбөйүп, атаандаштык күч алган сайын бир катар көйгөйлөр келип чыгууда. Бул көйгөйлөрдү, тагыраак айтканда мейманканаларды башкаруу процесстеринин мамлекет тарабынан деӊгээлде жөнгө салуу аркылуу чечүүгө туура келет. Ушундан улам диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуу экендигин, коюлган максаттары жана негизги милдеттери туура экендигин толук ырастайт.

3. **Илимий натыйжалар.** Диссертациялык иште мейманкана бизнесин өнүктүрүү боюнча илимий эмгектер кеӊири иликтенип, экономикадагы орду аныкталган. Соӊунан Бишкек шаарынын мейманканаларына келген туристтердин токтой турган мөөнөтүн узартуу боюнча сунуштар берилген. Дүйнө боюнча барган сайын мааниси жогорулап жаткан капсул жана микро мейманкана бөлмөлөрү, ошондой эле боз үй конушун камтыган “Байтик” мейманкана комплексинин бизнес долбоору даярдалып, куруунун эсеп кысаптары талапка ылайык эсептелип чыккан. Мамлекеттик башкарууну жөнгө салууга карата автор тарабынан иштеги сунуштаган модели дагы олуттуу болуп эсептелет.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Бул диссертациялык изилдөөнүн практикалык натыйжалары мамлекеттик башкарууну жакшыртууда, туризмди өнүктүрүү стратегиясынын саясатын жана программаларды даярдоодо, жергиликтүү жана чет элдик

инвестицияларды тартууда, Бишкектеги мейманканалардын натыйжалуулугун жогорулатууда, туризм жаатында билим берүүдө, мейманканаларды башкаруу багыттарында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн.

2. **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет.

**Эскертүүлөр:**

1. Иште сүрөт менен таблицалар өтө эле көп. Булардын айрымдарын тиркемеге которуп, тексте берилген санын азайтса иштин натыйжалуулугун арттырат.
2. Иштеги Каттоо жана жайгаштыруу, Тазалоо кызматтарына жана Антикризистик башкаруу чамгарагынын суроолоруна байланыштуу материалдар 2-, 3-, 4- тиркемелерде берилген, бирок алардын жооптору жеткиликтүү чагылдырылган эмес. Ошондуктан мейманкана жетекчилеринин жооптору боюнча материалдар дагы берилсе жакшы болмок.
3. Иштеги 3.10, 3.11 жана 3.12 – сүрөттөрдүн аталышы менен чамгарактын суроолору жазылган жадыбалдын аталыштары түпкү мааниси жагынан бири бирине анчалык туура келбейт. Буларды карап чыгууга туура келет.

**Сунуштар:** Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин учурдагы абалы, мамлекеттик башкаруу жааты буга чейин жеткиликтүү изилденбегенине байланыштуу жана 2030 – жылга чейин божомолу, ошондой эле микро жана капсул отелдерин камтыган бизнес - долбоору алгачкы жолу жасалганынан улам илимий иштин жыйынтыктары илимий макала же монография түрүндө эле эмес, вебинар же интервью ыкмасында дагы чагылдырылса практикалык жактан көбүрөөк пайдалуу болмок.

**Сунуштамалар:** Кыргыз туристтик ишканалар ассоциациясы (КАТО), ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу Туризм департаментине иштин жыйынтыгын берип,

жыйынтыгында бул мекеме аркылуу туризм жаатында иштеп жаткандарга кезек-кезеги менен семинар өтүүсү сунушталат.

**Корутунду:** Асанова Кымбат Туратбековнанын диссертациялык иши логикалык жактан калыптанып аягына чыккан илимий изилдөө болуп саналат жана изилдөөнүн жыйынтыктары республиканын, ошондой эле Бишкек шаарынын мейманкана бизнесин өнүктүрүүдө тиешелүү салым кошо алат.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Асанова Кымбат Туратбековнанын тапшырган диссертациялык ишти карап чыгып,** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий изилдөө университети жана Кыргызстандын эл аралык университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.24.697 диссертациялык кеңешине Асанова Кымбат Туратбековнанын **08.00.05 –тармактык экономика** адистиги боюнча, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” аталыштагы диссертациялык ишин кабыл алып, коргоого сунуштайт.

**Эксперт: экономика илимдеринин**
**доктору профессор** **Жумабаев Ж. Ж.**

**ДК окумуштуу катчысы** **Байтерекова Г.С.**

9.12.2024г